## №16 К. Рахманов атындагы орто мектебинин директордук кеңешмесинин

## ПРОТОКОЛУ

5-сентябр 2022-ж.г №2 Чарбак айылы

Катышты: 20

**Күн тартибиндеги маселе:**

1. "1 - сентябрь билим майрамын" өткөрүү.
2. Сабактардын расписаниясин бекитүү.
3. Окуу китептери, окуу методикалык адабияттар жана программалар менен камсыздоо.
4. PISA-2025 Эл Аралык изилдөөсүнө катышууга даярдыктарды көрүү.
5. Мугалимдерге, окуучуларга өрт жана техникалык коопсуздук эрежелерин жеткирүү.
6. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана тыкыр көзөмөлгө алуу.
7. Мектептин статистикалык отчетторун жана тарификаниялык тизмелерди даярдоо жана тапшыруу.
8. Мугалимдердин жана окуучулардын дежурстволорун уюштуруу.
9. Окуу тарбия иштеринин 1-чейрекке карата иштерин пландаштыруу.
10. Усулдук кенештин иштерин пландаштыруу.
11. Ата-энелер менен иш алып баруу.
12. Жаш мугалимдер менен иштөө.
13. Мугалимдердин жана тех.кызматкерлердин өздүк делолорун ирээтке келтирүү.
14. Мектептеги ички иш кагаздарын бекитүү (жүгүртмө, усулдук бирикмелер, усулдук кенеш ж.б)

**Чогулуш башчысы мектеп директору М.Токтобаев сөз сүйлөдү:** Саламатсыздарбы урматтуу директордук кеңешменин катышуучулары, жаны окуу жылыныздар менен, жакшы эс алып келдиңиздерби? Анда жаны окуу жылындагы алгачкы директордук кеңешмебизди баштасак.

**Күн тартибиндеги 1-маселе** боюнча Атажанова М. төмөндөгүлөргө токтолду. 2022-2023-окуу жылы былтыркы окуу жылдагыдай 15-сентябрда эмес адаттагыдай эле 1-сентябрда өтүлдү. Бардык класс жетекчилер "Мен Кыргызстандын жаранымын", "Эл биримдиги- көп түрдүүлүктө", "Кыргыз жараны - жалпы жарандык иденттүүлүк" деген темаларда тарбиялык сааттарды өтүштү. Мектеп окуучулары менен биргеликте салтанаттуу линейка өз деңгээлинде өтүлду, ага Мамлекеттик администрация башчы аким, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы жана Могол айыл аймагынын башчысы, ИИМдин өкүлдөрү катышты.

**2-маселе боюнча мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директорунун орун басары Э. Такаев билдирүү жасады:** Болушунча окуучулар класс жетекчилери тарабынан окуу китептери менен камсыз болушту. Усулдук бирикме жетекчилер өздөрүнүн бирикмесинде иш пландарын иштеп чыгышты. Сабактын расписаниеси түзүлүп, убагында бекитилди. Учурдагы шартка байланыштуу мугалимдерге ыңгайлаштырып расписание тузуп бердик,

өзгөчө предметтик мугалимдер жетишип баруусу керек болгондуктан. Бардык предметтик мугалимдер, окуу программаны эске алуу менен, календарлык пландарын иштеп чыгышты, бекиттирип жатышат. 2022-2023-окуу жылында окуучулар стандарттык режимде окуп баштаашты, андыктан билим сапатты көтөрүү учун мугалимдер болгон күч аракетибизди жумшоого аракет кылуудабыз. Быйылкы жылдагы өзгөчөлүк ар бир предметтен жетекчи дайындалып ЖРТ, Предметтик олимпиада, артыкчылык аттестатына окуучуларды даярдоону өзүнүн предметинен колго алат. Жыйынтык болот деп ишенем, андыктан мугалимдер болгон күч аракетиниздерди жумшап окуучуларды жогорудагыларга дайындашыныздар керек.

**Күн тартибиндеги 3-маселебизге** токтолсом, китепканадагы болгон окуу китептер менен камсыздалды. Китеп кана экинчи кабатка көчүрүлдү. Жетишпеген китептерди быйылкы жылы билдирүү берип толуктайбыз деген ишенич бар.

**4-маселе боюнча мектеп директору М.Токтобаев сөз сүйлөдү:** өзүнүздөргө маалым болгондой жыл сайын PISA-2025 Эл Аралык изилдөөсүнө катышып жатабыз. Ар бир мугалим көнүл кош карабастан окуучуларга материалдарды берип, даярдыктарды окуу жылдын башталышынан баштап көрүүбүз керек. Ар бир Усулдук кеңештин жетекчиси мугалимдерге толук жеткириңиздер, окуучуларыбыздын билим сапаты ушул изилдөө аркылуу ченелет.

**5-маселе боюнча мектептин уюштуруучусу М. Атажанова м**ектепте өрт жана техникалык коопсчсуздук эрежелери боюнча нускама тааныштырылып жатат, ар бир мугалим тааныштым деп колдорун коюп беришти. Ар бир класс жетекчиге классындагы окуучуларга өрт жана коопсуздук эрежелери боюнча терең түшүндүрүү иштерин жүргүзүү тапшырылды. Ошондой эле күн тартибиндеги 8-маселени айта кетсем, бөлүнгөн ар бир мектепте дежурство түзүлүп, бекиттирилип жатат. Кайсы мугалим кай жака бөлүнсө ошол жерге дежурлукка турат, графиктер өзүнчө түзүлдү.

**Чарба башчы :** 2022-2023-окуу жылына окуу кабинеттер толугу менен даяр, бардык бөлүнүп берилген мектептердеги класстар, коридорлор ремонттолуп бүттү. өрт жана техникалык коопсузудук эрежелерин сактоо боюнча тех.кызматкерлер окуудан өтүп, мектеп керектүү шаймандар менен толук камсыз болду. Ашкана ремонттолуп, электр зымдары ирээтке келтирилди.

**Э. Такаев:** педагогикалык кадрлар жетиштүү, окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлүп жатат. Мектептин бүтүрүүчүлөрү боюнча маалыматты 2021-2022-окуу жылдын 11-классын бүтүргөн класс жетекчилер берип жатышат. Акыркы мөөнөт 20-сентябрь 2022-жылга чейин берилген. Усулдук кеңештин курамы жаңы окуу жылга карата өзгөрүүсүз калды. График райондук билим берүү бөлүмүнө 20-сентябрга чейин жөнөтүлөт. Күн тартибиндеги 11 -маселеге токтолсом, учурда 2022-2023-окуу жылында жаш мугалим делген 6 мугалим иштеп жатат, бардыгына насаатчы мугалимдер дайындалган, алар жаш мугалимдерге жол көрсөтүп, насааттарын айтып, иш кагаздарына, методикалык чеберчиликтерин өстүрүүгө көмөк көрсөтүшөт.

**М.Атажанова:** ар бир мугалимдердин жана тех.кызматкерлердин медициналык кароодон өтүүсү толук уюштурулуп, мугалимдердин бардыгы медициналык кароодон өтүп бүтүштү. Райондук дарыгерлик борбору менен түзүлгөн келишимдин негизинде биздин мугалимдер жана тех. Кызматкерлер август айынын 10-13 нө чейин деп белгиленген. Ал эми ата-энелер менен иш алып баруу боюнча тыгыз иш алып барып жатабыз, ар бир класс жетекчи классындагы окуучулардын ата-энелерине ата-энелер чогулушун өткөнү турушат. Башка мектептерде окуп жаткандыктан окуучулардын коопсуздугун, тартибин тыкыр көзөмөлгө алуу учун ата-энелер менен активдуу иш алып барууга аракет кылуудабыз.

**М.Токтобаев:** учурда мугалимдердин өздүк делолору текталып, ирээттелип, жаңы билимин жогорулатуу курстарынан өткөн мугалимдердин сертификаттарынын көчүрмөлөрү салынды. Быйылкы окуу жылда айыл өкмөтүнөн жашагандыгы тууралуу тактама киргизилээри айтылып, учурда мугалимдер алып келип жатышат.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап №16 К.Рахманов атындагы орто мектебинин директордук кеңешмеси

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “1 - сентябрь билим майрамын"' өткөрүү өз денгээлинде жүргөндүгү белгиленсин.
2. Сабактардын расписаниеси бекитилгендиги белгиленсин.
3. Окуучулар жана мугалимдер окуу китептери, окуу методикалык адабияттар жана программалар менен камсыздалгандыгы белгиленсин .
4. “PISA-2025 Эл Аралык изилдөөсүнө” катышууга даярдыктарды көрүү жана окуучулардын билим сапатын жогорулатуу, тыкыр көзөмөлгө алуу жагы окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Э.Такаевге милдеттендирилсин.
5. Мугалимдерге, окуучуларга өрт жана техникалык коопсуздук эрежелери боюнча түшүндүрүү иштери жогорку дэңгээлде жүргөндүгү көрсөтүлсүн.
6. Мектептин статистикалык отчетторун жана тарификациялык тизмелерди даярдоо жана тапшыруу жагы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарларына тапшырылсын.
7. Мугалимдердин жана окуучулардын дежурстволору уюштурулгандыгы белгиленсин.
8. Окуу тарбия иштеринин 1-чейрекке карата иштерин пландаштыруу.
9. Усулдук кенештин иштерин пландаштыруу колго алынгандыгы белгиленсин.
10. Ата-энелер менен иш алып баруу жана жаш мугалимдер менен иштөө колго алынгандыгы белгиленсин.
11. Мугалимдердин жана тех.кызматкерлердин өздүк делолорун ирээтке келтирүү жүрүп жаткандыгы белгиленси.

**Мектеп директору:** **М. Токтобаев**

**Катчы:** **Н. Кадыров**